| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**IV-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №7/6**

Жаны-Арык айылы 2022-жылдын 8-февралы

**Жаны-Арык айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан Жумгал өнүктүрүү фондуна сунушталуучу долбоорлорду колдоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, айылдык кенештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык Кенеши, **токтом кылат:**

1. Жаны-Арык айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан Жумгал өнүктүрүү фондуна сунушталып жаткан төмөндөгү долбоорлор колдоого алынсын:
   1) «Базар-Турук БДРин куруу боюнча сметасын жана проектисин даярдоо боюнча сунушталган долбоор», өздүк салымы 684,0 миң сом;
   2) «Кичи футболдук аянтчасын куруу боюнча долбоор», өздүк салымы 450,0 миң сом;
   3) «Погрузчик атайын техникасын сатып алуу боюнча долбоор», өздүк салымы 900,0 миң сом.

2. Бул сунушталган долбоорлордун өздүк салымы үчүн акча каражаты жергиликтүү бюджеттин 2021-жылдагы кирешеден ашкан суммасынан каралгандыгы белгиленсин;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**